| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br><br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЖЕТИ – ОГУЗСКОГО АЙЫЛЬНОГО**<br>**АЙМАКА** |

**ЖЕТИ-ӨГҮЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН XXIX-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН III-СЕССИЯСЫНЫН**

**ТОКТОМУ**

**2025-жылдын 7-февралы №16** **Жети-Өгүз айылы**

**Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономика жана социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Ж. Дыйканованын 2024-жылга отчетун жана айыл аймагынын айылдык кеңешинин «Бюджет финансы жана экономика» боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Дыйкановдун кошумча билдирүүсүн угуп талкуулоо, ошондой эле 2025-жылга «Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджети жөнүндө» мыйзамын жетекчиликке алып аткаруу максатында Жети-Өгүз айыл аймагынын айылдык кеңешинин XXIX-чакырылыштагы III-сессиясы токтом кылат:**

1. Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономика жана социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Ж.Дыйканованын 2024-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндөгү отчету бекитилсин.

2. Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылга болгон бюджетинин жалпы кирешелери жана чыгашалары боюнча 165653,4 (бир жүз алтымыш беш миллион алты жүз элүү үч миң төрт жүз) сом өлчөмүндө **1-тиркемеге** ылайык бекитилсин, мунун ичинен 3500,0 (үч миллион беш жүз миң) миң сом бала бакчанын атайын акча каражаты деп бекитилсин.

3. Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча бөлүгү 2026-жылга карата божомолу 171484,6 мин сом,2027-жылга божомол 191332,1 мин сом божомолдун негизинде( **2- тиркемеге** ылайык) бекитилсин.

4.2025-жылга карата Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча бөлүгү 165653,4 (бир жүз алтымыш беш миллион алты жүз элүү үч

миң төрт жүз) сом өлчөмүндө( **3-тиркемеге** ылайык) пайыздык көрсөткүчтө бекитилсин.

**5.** 2025-жылга Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн чыгаша бөлүгү түзүлгөн сметанын негизинде 2025-жылга жергиликтүү бюджетти кабыл алууда биринчи кезекте корголгон беренелерге эмгек акы, соц фондго, чегерүүлөргө, коммуналдык чыгымдарга жана башка өтө зарыл болгон чыгашаларга карата( **4–тиркемеге** ылайык) аппарат кызматкерлери 11 штат бирдиги, техникалык жактан тейлүү жагы 4-штат бирдиги, келишимдин негизинде 6-штат бирдиги бекитилсин.

**6.**Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 14-беренесинин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарын эске алуу менен 28-беренеде көрсөтүлгөн Билим берүү уюмдарында тамактанууну уюштуруу тартибиде тамактанууну каржылоо жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан мектепке чейинки жана жалпы билим берүү уюмдарында б.а бала бакчада тарбияланып жаткан балдардын ысык тамагына акы төлөө боюнча жеңилдиктерди берүү тартибин эске алып кошумча 18(он сегиз) сомдон баардыгы болуп 465 балага 1590,3 мин сом жана мектептердин ысык тамагына кошумча ар бир балага 12 ( он эки) сомдон баардыгы 1908 окуучуга 3892,3 сом бөлүнүп берилсин. Ошону менен бирге коммуналдык чыгымдарга б.а көмүр, суу, интернет байланыштарына бекитилген сметанын негизинде акча каражаты чыгаша бөлүмүнөн **( 6- тиркемеге** ылайык ) бекитилсин.

7. Айыл өкмөтүнө караштуу жаштар арасында спорт оюндун түрлөрү менен машыктыруучуларына жана жаштар арасында өтүүчү мелдештерге 3000,0 (үч миллион) сом өлчөмүндө акча каражаты чыгаша бөлүмүнөн бөлүнүп берилсин.

**8. 2025-жылга Ырдык айылындагы** таза суу ишканасына 800,0 (сегиз жүз) миң сом, трасформатор орнотууга 700,0 (жети жүз миң) сом, көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң) сом, темир –бетон электр энергия столбаларын орнотууга 1500,0 (бир миллион беш жүз миң) сом, ФАПтын ремонтуна 398110 (үч жүз токсон сегиз миң бир жүз он )сом, Ю. Хазрети атындагы жалпы орто билим берүү мектебине турмуш тиричилик жактан тейлөө, күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына жана ремонт иштерине 2979,43 (эки миллион тогуз жүз жетимиш тогуз миң төрт жүз отуз) сом акча каражаты бекитилсин.

**9. Конкино айылына** трансформатор орнотууга 700,0 (жети жүз миң) сом, көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң) сом, темир –бетон электр энергия столбаларын орнотууга 1800,0 (бир миллион сегиз жүз миң) сом, маданият үйүнө музыкалык аппаратура алууга 195,0 (бир жүз токсон беш миң) сом, Конкино негизги жалпы билим берүү мектебинин

ремонт иштерине, турмуш тиричилик жактан тейлөө жана күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына 500,0 (беш жүз миң) сом акча каражаты бекитилсин.

**10. Балтабай айылына** бала бакчага 1000,0 (бир миллион) сом, көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң) сом, маданият үйүнүн ремонтуна 195000 (бир жүз токсон беш миң) сом, газон салууга 1500,0 (бир

миллион беш жүз миң) сом, Арстаке уулу Абдылда атындагы жалпы орто билим берүү мектебине турмуш тиричилик жактан тейлөө, күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына жана ремонт иштерине 382,16 (үч жүз сексен эки миң бир жүз алтымыш) сом акча каражаты бекитилсин.

**11. Жон-Булак айылына** туризмге 700,0 (жети жүз миң) сом, трансформатор орнотууга 700,0 (жети жүз миң) сом, ФАПтын ремонтуна 150,0 ( бир жүз элүү миң) сом, ветеринардык кызматка 80,0(сексен миң) сом, айыл ичиндеги кызыл чектерди жылдырууга 300,0 (үч жүз миң) сом, А. Курманбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 1000,0 (бир миллион) сом акча каражаты бекитилсин.

**12. Кытай айылына** Көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң) сом, Кытай айылынын 100 жылдыгын өткөрүүгө 300,0 сом, айылдын кире бериш жерине стелла койууга 500,0 сом , Жениш паркын курчоого 100,0 сом, мектептин күнөсканасынын үстүн алмаштырууга 200,0 сом ж.б жыл ичинде өтүүчү иш-чараларга 400,0 сом акча каражаты чыгаша бөлүгүнөн бекитилсин. Т. Дыйканбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ремонт иштерине, турмуш тиричилик жактан тейлөө, күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына 346,1(үч жүз кырк алты миң бир жүз) сом акча каражаты бекитилсин.

**13. Ичке-Булуң айылына** бала бакчага 300,0 (үч жүз миң) сом, таза сууга 450,0 (төрт жүз элүү миң) сом, көпүрө жана труба орнотууга 100,0 (бир жүз миң) сом, балдар ойноочу аянтчага 65,0 (алтымыш беш миң) сом, сугат иштерине 350,0(үч жүз элүү миң)сом, түнкү жарыктандыруу орнотууга 650,0 (алты жүз элүү миң) сом, Т.Кенжебаев атындагы турнир өткөрүүгө 100,0 (бир жүз миң) сом, пескоблок чыгаруучу аппарат сатып алууга 1000,0 (бир миллион)сом, көрүстөнгө баруучу жолду жасоого 300,0 (үч жүз миң) сом, күйүүчү майга 70,0 (жетимиш миң) сом, К. Эсенкожоев атындагы жалпы билим берүү мектебинин турмуш тиричилик жактан тейлөө, күнүмдүк колдонулуучу чарба иштерине жана ремонт иштерине 662,7 (алты жүз алтымыш эки миң жети жүз) сом акча каражаты бекитилсин.

**14. Липенка айылына** трансформатор орнотууга 800,0 (сегиз жүз миң) сом, көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң) сом, темир – бетон электр энергия столбаларын орнотууга 1400,0(бир миллион төрт жүз

миң) сом, маданият үйүнө 300,0 (үч жүз миң) сом, ветеринардык кызматка 80,0 (сексен миң)сом, Шайыр апаларга формага 100,0 (бир жүз миң )сом, сугат иштерине 300,0( үч жүз миң) сом, БИМге навес салууга 2000,0 (эки миллион) сом, Т. Шевченко атындагы жалпы орто билим берүү мектебине турмуш тиричилик жактан тейлөө, күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына жана ремонт иштерине 700,0 (жети жүз миң) сом акча каражаты бекитилсин.

**15. Богатыровка айылына** бала бакчанын ашканасын салууга 1800,0

( бир миллион сегиз жүз миң) сом, , көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң)сом, плотинаны калыбына келтирүүгө 1500,0 (бир миллион беш жүз миң) сом, Богатыровка жалпы орто билим берүү мектебинин ремонт иштерине, турмуш тиричилик жактан тейлөө жана күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына 423,56 (төрт жүз жыйырма үч миң беш жүз алтымыш) сом акча каражаты бекитилсин.

**16. Жети-Өгүз айылына** бала бакчага ремонт жана башка иштерине 3000,0 (үч миллион) сом, таза сууга 496312 (төрт жүз токсон алты миң үч жүз он эки) сом, көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң)сом, темир –бетон электр энергия столбаларын орнотууга 750,0 (жети жүз элүү миң) сом, спорт комплекстин ремонтуна 219016 (эки жүз он тогуз миң он алты ) сом, ветеринардык кызматка 80,0 (сексен миң)сом, Шайыр апаларга форма жана музыкалык аппаратурага 200,0 (эки жүз миң)сом, мүрзөнү курчоого 500,0 (беш жүз миң) сом, Д. Иманов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ремонт иштерине, турмуш тиричилик жактан тейлөө жана күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына 2180,0 (эки миллион бир жуз сексен миң) сом акча каражаты бекитилсин.

**17. Ак-Кочкор айылына** трансформаторго 700,0 (жети жүз миң) сом, көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң)сом, темир –бетон электр энергия столбаларын орнотууга 1000,0 (бир миллион) сом, түнкү жарыктандырууга 39,0 (отуз тогуз миң) сом, О. Эсенканов атындагы негизги жалпы билим берүү мектебинин ремонт иштерине, турмуш тиричилик жактан тейлөө жана күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына 500,0 (беш жүз миң) сом акча каражаты бекитилсин.

**18. Курорт Жети-Өгүзгө** таза сууга 500,0 (беш жүз миң) сом, көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң)сом акча каражаты бекитилсин.

**19. Желе-Дөбө айылына** бала бакчага 702890 (жети жүз эки миң сегиз жүз токсон) сом, көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң)сом, курулуп жаткан спорт комплекске 10000,0 (он миллион)сом, Б. Исмаилов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ремонт иштерине,

турмуш тиричилик жактан тейлөө жана күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына 702,89 (жети жүз эки миң сегиз жүз токсон) сом акча каражаты бекитилсин.

**20. Чырак айылына** мектепке 581,0 ( беш жүз сексен бир миң) сом, көпүрө жана труба орнотууга 400,0 (төрт жүз миң) сом, темир –бетон электр энергия столбаларын орнотууга 1000,0 (бир миллион )сом, маданият үйүнө ремонт жана музыкалык аппаратура сатып алууга 350,0 (үч жүз элүү миң) сом, ФАПтын ремонтуна 50,0 (элүү миң) сом, Т. Акун атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ремонт иштерине, турмуш тиричилик жактан тейлөө жана күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына 581,0 (беш жүз сексен бир миң) сом акча каражаты бекитилсин.

**21. Кабак айылына** , көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң)сом, эски мектептин ремонтуна 2 354 45 0(эки миллион үч жүз элүү төрт миң төрт жүз элүү) сом, мүрзөнү курчаганга 500,0 (беш жүз миң) сом, Ж. Аманбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ремонт иштерине, турмуш тиричилик жактан тейлөө жана күнүмдүк керектелүүчү чарба буюмдарына 3000,0 (үч миллион) акча каражаты бекитилсин.

**22. Зеленый Гай айылына** көпүрө жана труба орнотууга 125,0 (бир жүз жыйырма беш миң)сом, балдар ойноочу аянтчага 150,0 (бир жүз элүү миң) сом, ички жолдорду оңдоого 150,0 (бир жүз элүү миң)сом акча каражаты бекитилсин.

**23.** Айыл аймактын мектептеринде ысык тамак берүүдө айкалыштыруу менен мектептердин ашпозчуларына, кошумча идиш аяк жуучуларына ар бир айга 7 040 (жети миң кырк) сомдон эмгек акы, социалдык чегерүү 1 215 (бир миң эки жүз он беш) сом. Зеленый Гай айылында мектептин жоктугуна байланыштуу Липенка айылына, ошондой эле айылдар арасынан Жети-Өгүз айылына коррекциялык класска балдарды ташууга Министрлер Кабинетинин 433-токтомунун 2-тиркемесине ылайык контрактын негизинде 2 айдоочу штаты жана эмгек акысы бир айга 11 264 (он бир миң эки жүз алтымыш төрт) сом, социалдык чегерүүгө 1 943 (бир миң тогуз жүз кырк үч) сомдон бекитилсин

**24.** Айыл өкмөтүнүн социалдык бөлүмүнө, аз камсыз үй-бүлөлөргө жөлөк пул көрсөтүү үчүн 5000,0 (беш миллион) сом акча каражаты (Социалдык жактан тейлөө) бөлүмүнө бекитилсин.

**25.** Айыл өкмөтүнүн аймагында эски таштанды таштоочу жайларды рекультивациялоо жумуштарына 1000,0 (бир миллион) сом акча каражаты бекитилсин.

26. Айыл өкмөтүнүн салык кызматкеринин материалдык техникалык базасын чыңдоого 150,0 (бир жүз элүү миң ) сом акча каражаты бекитилсин.

27. Айылдык кеңештин материалдык техникалык базасын чыңдоого 150,0 (бир жүз элүү миң ) сом акча каражаты бекитилсин.

28. Жети-Өгүз айыл аймагындагы Айылдык милиция бөлүмүнө тиешелүү айылдарга видео көзөмөл орнотууга, ички коопсуздукту алдын алуу максатында күйүүчү май менен камсыздоого жана материалдык техникалык базасын чыңдоого 700,0(жети жуз ) миң сом акча каражаты бекитилсин.

29. Айыл өкмөтүнүн айылдарында жыл ичинде өтүүчү майрамдарга 1500,0 (бир миллион беш жүз миң) сом акча каражаты бекитилсин.

30. «Ынтымак-Сервис» муниципалдык ишканасын колдоо максатында жана техникалык базасын жакшыртуу, ремонт иштерине жана жайыттагы жолдорду оңдоого 7000,0 (жети миллион) сом акча каражаты бекитилсин.

31. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдардын ички жолдорун оңдоп түздөөгө 2000,0 (эки миллион ) сом акча каражаты бекитилсин.

32. Жети-Өгүз айылындагы жеңиш паркын Улуу жеништин 80 жылдыгына карата эстеликти реставрациялоого 1000,0 (бир миллион) сом акча каражаты бекитилсин.

33. Жети-Өгүз айылындагы Санжыра маданий борборуна өздүк салым катары 900,0 (тогуз жүз миң) сом акча каражаты бекитилсин.

34. Желе-Добо айлына кошумча мектеп куруугa жер тилкеси жок болгондуктан жеке тараптан жер тилкесин сатып алууга 800,0мин сом акча каражаты чыгаша бөлүгүнөн бекитилсин.

35. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» мыйзамынын 54-беренесинин 8-пунктуна ылайык бош калган административдик имараттын кароолчуларына мыйзамга ылайык бир айлык эмгек акысы 10560 (он миң беш жүз алтымыш) сом өлчөмүндө эки штат бирдиги сакталып, бардыгы болуп 253,4 (эки жүз элүү үч миң төрт жүз) сом жана социалдык чегерүүгө 44,0 ( кырк төрт миң) сом , жалпы 297,4 ( эки жүз токсон жети миң төрт жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**36.** Айыл аймагында жыл ичинде өзгөчө кырдаалдар боюнча табигый кырсыкты алдын алуу максатында бюджеттен 2000,0(эки миллион) сом түзүлгөн сметага ылайык бекитилсин, жыл ичинде үнөмдөлгөн акча каражаты айыл өкмөтүнүн өтө зарыл иш-чарасына жумшалсын, мал оорусун алдын алууда, жугуштуу ооруларды жайылтпоого 1000,0 сом ошондой эле аскердик кызмат өтөөнүн жакшыртуу максатында 200,0 сом акча каражаты бөлүнсүн.

**37.**Айыл өкмөт тарабынан Лизингге алынган техникага өздүк салым катары 12000,0(он эки миллион) сом өлчөмүндө , ошондой эле курулуш иштерин баштоо үчүн архитехтуралык- сметалык долбоор иш кагаздарына 2000,0(эки миллион) сом өлчөмдөрүнө бекитилсин, лизинг төгүүдө жетишпеген акча каражаты 9 айлык отчеттун аткарылышы менен «Ынтымак-Сервис» ишканасына төлөп берүү жагы милдеттендирилсин. Айылдык ден соолук комитетине (АДК) күнүмдүк колдонулуучу чарба буюмдарына 350.0 (үч жүз элүү миң) сом акча каражаты бекитилсин.

**38.** Айыл өкмөт тарабынан 2025-жылга карата статистикалык- чарбалык эсеп жүргүзүүгө жана ар бир жашоочунун турак жайын каттоого алууда тастыктоо иштерин жүргүзүү максатында канцелярдык жана күйүүчү майга 100,0 ( бир жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**39.**Айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн резервдик фондусу 1656,5 мин сом көлөмүндө бекитилсин.

**40.**Түзүлгөн сметанын негизинде статьядан-статьяга, кварталдан-кварталга, бөлүктөн-бөлүккө жылдыруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы экономика- социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Ж.Дыйкановага тапшырылсын.

**41.**Айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген киреше жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы финансы-экономика- социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Ж.Дыйкановага милдеттендирилсин. .

**42.**Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Докоев У.С. ке айылдык кенешинин бюджеттик комиссиясынын төрагасы А.Дыйкановго тапшырылсын.

**43.** 2025-жылдын 1- январынан баштап күчүнө кирсин.

**Жети- Өгуз айылдык кенешинин төрагасы;** **Б. Ургаипов.**